https://kutbilim.kg/news/inner/2020-2021-okuu-zhyly-ch-n-zhyyyntyktoochu-mamlekettik-attestatsiya-2-iyundan-13-iyunga-cheyin-tk-r-l-t/

Кыргыз Республикасынын Билим берүү
жана илим министрлигинин 2020-жылдын
_________майындагы № ______буйругуна
тиркеме

**Убактылуу жобо**

Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча 2019-2020-окуу жылы үчүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү тартиби жөнүндө убактылуу жобо.

I. Жалпы жоболор.
II. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону өткөрүүнүн жумушчу органдарынын функциялары.
III. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун катышуучулары. Окуучулардын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоого катышуу тартиби.
IV. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону өткөрүү мөөнөтү жана тартиби.
V. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону өткөрүүнүн процедурасы.
VI. Апелляцияларды кабыл алуу жана карап чыгуу.
VII. Бүтүрүүчүлөрдү сыйлоо.

## I. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 22-мартындагы №304/1 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын (мындан ары – ЖМА) өткөрүү жөнүндө Жобонун негизинде өлкөдөгү өзгөчө кырдаалга, абалга байланыштуу Убактылуу жобо (мындан ары – Жобо) иштелип чыкты.
2. Кыргыз Республикасындагы бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында Жободогу норма колдонулат.
3. Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу баалоону өткөрүүнүн форматын, катышуучуларын, мөөнөтүн жана узактыгын, баалоонун тартибин, арыздарды (апелляцияларды) берүү жана карап чыгуу, баалоонун жыйынтыктарын өзгөртүү жана (же) жокко чыгаруунун тартибин аныктайт.
4. ЖМА Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына шайкеш келген негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча мамлекеттик аккредитациядан өткөн Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында (мектептер, мектеп-гимназиялар, мектеп-лицейлер, мектеп-комплекстер, кесиптик-техникалык лицейлер, сырттан (кечки-

нөөмөттүк) окуу түрүндөгү мектептер (класстар), атайын окутуу-тарбиялоо мекемелери, дарылоо-алдын-алуу санаториялары, тарбиялоонун өзгөчө шарттарына муктаж болгон балдар жана өспүрүмдөр үчүн атайын жалпы билим берүү мектептеринде, жеке менчик жалпы билим берүү уюмдарында жана башкаларда (мындан ары – ЖБУ) негизги жалпы жана жалпы орто билим берүү программаларын өздөштүргөн окуучулар үчүн өткөрүлөт.

5. ЖМАнын максаттары:

- «Билим берүү жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын аткарылышына көзөмөл кылуу;
- окуучулардын негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларын өздөштүрүүсүнүн натыйжаларынын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына дал келүүсүн аныктоо.

6. ЖМА ар бир жалпы билим берүү уюмунун окуу планына ылайык предметтик комиссиялары тарабынан жүргүзүлөт (мындан ары – ПК).

## II. Жумушчу органдарынын кызматтык милдеттери

7. ЖМАны өткөрүүнүн жумушчу органдары болуп Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (мындан ары – министрлик) аймактык билим берүү органдары (мындан ары – АБО), жалпы билим берүү уюмдары, предметтик комиссиялар жана талаш-тартыш маселелерди чечүү комиссиясы (мындан ары – ТК) эсептелет.

8. Министрликтин функциялары:

- ЖМАнын формаларын, өткөрүү тартибин жана ПКнын протоколдорун сактоо талаптарын аныктайт;
- окуучуларды баалоо критерийлерин жана ЖМАны өткөрүү тартиптерин аныктайт;
- Жобого ылайык АБОнун ЖМАны өткөрүү боюнча ишин көзөмөлдөйт жана жөнгө салат;
- АБО менен бирге “ыкчам байланыш” телефондорунун ишин уюштурат, атайын сайттарда же интернет булактарындагы расмий сайттарга тиешелүү маалыматтарды жайгаштырат, массалык маалымат каражаттары менен өз ара аракеттенүүнү жүргүзөт.

9. АБО функциялары:

- ЖМАны өткөрүүдө АБО жалпы билим берүү уюмунда белгиленген тартиптин сакталышын камсыздайт;
- ЖМАны ушул Жобонун талаптарына ылайык өткөрөт;
- ушул Жобонун белгиленген тартибинде ЖМАны өткөрүүнү камсыздоо боюнча мамлекеттик аккредитациядан өткөн жана негизги жалпы жана (же) жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларын ишке ашырышкан бардык менчиктин түрү жана тибине карабастан жалпы билим берүү уюмдарынын иштерин жөнгө салат жана көзөмөлдөйт;
- ЖМАга даярдоонун жана аны өткөрүүнүн жүрүшүнө көзөмөл жүргүзөт;
- Предметтик комиссиянын протоколдорун сактоодо, пайдаланууда жана өткөрүп берүүдө маалыматттык коопсуздукту камсыз кылат жана жооптуу адамдарды дайындайт;
- окуучуларга жана алардын ата-энелерине (же аларды алмаштыруучу жактарга) ЖМА боюнча ЖБУ аркылуу маалымат берет;
- ЖМАны өткөрүүдө белгиленген тартиптин бузулушу боюнча текшерүүлөрдү жүргүзүүнү уюштурат;
- ЖМАнын жыйынтыктарын карап чыгат;
- ПКнын жана ТКнын ишмердүүлүктөрүн жөнгө салат;
- өзгөчө учурларда ЖМАнын жыйынтыктарын бекитүү, өзгөртүү же жокко чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алат.

10. Жалпы билим берүү уюму ЖМАны өткөрүү үчүн ушул Жобонун 4-пунктуна ылайык төмөнкү милдеттерди аткарат:

- белгиленген окуу предметтери боюнча ПКнын курамын түзөт жана анын ишмердүүлүгүн жөнгө салат (ПКнын курамына жогорку педагогикалык билимдүү, тажрыйбасы бар педагогдор кирет).
- негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүргөн IX жана XI класстардын окуучуларынын тизмесин тактайт жана бекитүүгө сунуштайт;
- окуучуларга жана алардын ата-энелерине (же аларды алмаштыруучу жактарга) ЖМАны өткөрүү тууралуу маалыматты өз убагында билдирет;
- АБОго жалпы билим берүү уюмунда ЖМАны өткөрүү жөнүндө маалыматты бир жума мурун берет;
- ЖМАны өткөрүү жөнүндө маалыматты ЖБУнун сайтына жайгаштырат;
- өткөрүү жайын даярдоо боюнча иштерди (дезинфекциялык иштер, өздүк коргонуу ыкмалар ж.б. ) белгиленген мөөнөттө аткарууну камсыз кылат;
- ЖМАнын жыйынтыктары менен бүтүрүүчүлөрдү тааныштырууга жооптуу жана милдеттүү.

11. Предметтик комиссиянын курамы педагогикалык кеңештин сунуштамасына ылайык аныкталат жана ЖБУнун буйругу менен бекитилет.

2019 – 2020-окуу жылында аккредитациядан өтпөй калган ЖБУнун окуу-тарбия боюнча мектептин директорунун орун басары жакын жайгашкан аккредитациядан өткөн ЖБУда түзүлгөн ПКнын курамына кирет жана АБОнун буйругу менен бекитилет.

Тийиштүү окуу предметтери боюнча ПКнын төрагасы болуп жалпы билим берүү уюмунун директору, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары, тарбия иштери боюнча уюштуруучу, мугалимдердин методикалык бирикмесинин жетекчиси директордун сунушу менен дайындалат.

Тийиштүү окуу предмети боюнча ПКнын төрагасы жалпы жетекчиликти жүргүзөт жана Баалоо процедураларын жөнгө салат.

Баалоо өткөрүлүп жаткан предмет боюнча IX жана (же) XI класста сабак окуткан мугалим ПКнын төрагасы болуп дайындалбайт.

ПКнын курамы 3төн кем эмес жана 5тен көп эмес адамдан турат, анын ичине комиссиянын төрагасы, сынак алуучу (ошол окуу предметин окутуучу мугалим жана ассистент кирет.

12. ПК жалпы билим берүү уюмунда тийиштүү окуу предметтери боюнча ЖМАны өткөрүү учурунда:
- Баалоону өткөрүү процессин ишке ашырат;
- Баалоонун жыйынтыктары боюнча протоколдорду түзөт;
- Баалоонун жыйынтыктарын окуучуларга сабак берген мугалимдер, класс жетекчилер аркылуу тааныштырууну жана маалымдоону камсыздайт;
- сабак берген мугалимдер, класс жетекчилер ар бир окуучуга жана ата- энелерине (же аларды алмаштыруучу жактарына) ЖМАнын жыйынтыктарын электрондук почта, мессенджер (WhatsApp,Telegram) телефон байланышы аркылуу жеткиришет.

13. Окуучуларды жана алардын ата-энелерин (же аларды алмаштыруучу жактарын) ЖМАда коюлган баалар менен макул эместиги тууралуу арыздарды апелляцияга берүү тартиби жөнүндө маалымат берет.

## III. ЖМАнын катышуучулары. ЖМАга окуучулардын катышуу тартиби

14. Ушул Жобонун 4-пунктунда каралган Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын IX жана XI класстарынын окуучулары ЖМАнын катышуучулары болуп саналат.

15. ЖМАга IX жана (же) XI класстарынын окуучулары киргизилет:

- академиялык карыздары жок жана окуу планын толук көлөмдө аткаргандар (IX жана (же) XI класстары үчүн бардык окуу предметтери боюнча жылдык баалары «канааттандырарлык» баадан төмөн эмес болгондор);
- окуу планында белгиленген предмет боюнча өткөрүлүп жаткан Баалоого үчтөн ашык эмес окуу предмети боюнча жылдык «канааттандырарлык эмес» баага ээ болгондор педагогикалык кеңештин сунуштамасына жана жалпы билим берүү уюмунун буйругуна ылайык предмет боюнча дистанттык форматта кошумча тапшырма аткаргандан кийин киргизилет;

16. IX жана (же) XI класстардын окуучулары, анын ичинде чет элдик жарандар, жарандыгы жок адамдар, качкындар жана бир жерден экинчи жерге көчүүгө мажбур болгондор, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар, негизги жалпы же жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларын күндүзгү, күндүзгү-сырттан же сырттан, үйдө же экстернат түрүндө өздөштүргөн окуучулар үстүбүздөгү окуу жылында ЖМАны тапшырууга ушул Жобонун 16-пунктунда белгиленген тартипте киргизилет.

17. Менчигинин түрүнө жана тибине карабастан 2019 – 2020-окуу жылында негизги жалпы жана (же) жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларын өздөштүргөн, бирок мамлекеттик аккредитациядан өтпөгөн негизги жалпы жана (же) жалпы орто билим берүү программалары боюнча окутулган окуучуларга мамлекеттик аккредитациядан өткөн негизги жалпы жана (же) жалпы орто билим берүү программалары боюнча АБУнун буйругуна ылайык жакын жайгашкан билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзгөн жалпы билим берүү уюмунда ЖМАдан өтүүгө укук берилет, ал эми жеке менчик билим берүү уюмдары жакын жайгашкан ЖБУ менен келишим түзөт.

2019 – 2020-окуу жылында мамлекеттик аккредитациядан өтпөй калган негизги жалпы жана (же) жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларын өздөштүргөн жеке менчик билим берүү уюмдарында ЖМаны уюштуруу милдети Уюмдаштыруучуга жүктөлөт.

АБУ IX (жана) XI класстардын окуучуларын башка мектептерге которуу боюнча жана ЖМАны өткөрүүнү, мамлекеттик үлгүдөгү документти берүүнү көзөмөлдөйт.

Негизги жалпы жана (же) жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программаларын үйдө өздөштүргөн, үй-бүлөлүк формада билим алгандар, мектептин директорунун буйругу менен кабыл алынгандар ушул Жобонун 4-талаптарына ылайык ЖМАдан өтүшөт.

18. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар дарылоо мекемесине караштуу дарыгердик-кеңеш берүүчү комиссиянын (ДКК) же ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн психологиялык-медициналык-педагогикалык кеңеш берүүнүн (ПМПК) корутундусунун негизинде ЖБУнун буйругу менен жана Жобого ылайык ЖМАдан өтүүгө уруксат берилет.

## IV. ЖМАны өткөрүүнүн мөөнөтү жана узактыгы

19. ЖМАны өткөрүү мөөнөтү министрлик тарабынан бирдиктүү тартипте аныкталат.

20. Ушул окуу жылында мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоодон кайрадан өтүүчүлөр жылдык канааттандырарлык эмес баа алган предметтер боюнча ЖБУнун тапшырмаларын дистанттык формада талапка ылайык аткара алса, ЖМАны тапшырууга укугу бар.

21. Кылмыш-жаза аткаруу системасынын түзөтүү мекемелерине тиешелүү жалпы билим берүү уюмдарында окугандар үчүн ЖМА Жобого ылайык Уюмдаштыруучунун чечиминин негизинде өткөрүлөт.

22. ПК Баалоону 2020-жылдын 2-июнунан 13-июнуна чейин өткөрөт.

23. ПК IX класстын негизги жалпы билим берүү программалары боюнча төмөнкү предметтерден ЖМАны өткөрөт:
- математика (алгебра); эне тили (кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдери); Кыргызстандын тарыхы; кыргыз тили (орус, өзбек, тажик тилдеринде окутуу жүргүзүлгөн мектептерде) жана орус тили (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде).

24. ПК XI класстын жалпы орто билим берүү программалары боюнча төмөнкү предметтерден ЖМАны өткөрөт: математика (алгебра); эне тили (кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдери); Кыргызстандын тарыхы; кыргыз тили (орус, өзбек, тажик тилдеринде окутуу жүргүзүлгөн мектептерде) жана орус тили (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде).

25. Гуманитардык, табигый-илимий жана физика-математикалык багыттагы жалпы билим берүү программаларын ишке ашырган ЖБУлар жана айрым предметтерди тереңдетип окуткан ЖБУлар өз алдынча тандоо предметин аныктай алышат.

26. Жалпы берүү уюмунда ЖМАны өткөрүү күнү төмөнкүлөр катышат:
- ЖБУнун директору, ПКнын мүчөлөрү;
- программалык камсыздоо боюнча иштеген, маалыматтык-техникалык жардам көргөзгөн техникалык адис;
- укук тартибин коргоону камсыз кылуучу кызматкерлер;
- ПКнын ишине тиешелүү техникалык жардам берүүчү ассистенттер.

27. ЖМАны өткөрүү процесси протокол менен жүргүзүлөт. ПКнын протоколун секретарь толтурат. Протоколго төмөнкү пункттар киргизилет: Өткөрүү күнү, предмет, класс, ПКнын мүчөлөрүнүн жана ассистенттердин аты- жөнү, башталышы, бүткөн убагы, окуучулардын аты-жөнү, жылдык баасы, өзгөчө пикирлер (керек болгон учурда). ПКнын бардык мүчөлөрү протоколго кол коюп, ЖБУнун архивинде сакталат.

28. Экстернат таризинде окугандар үчүн ЖМА дистанттык форматта өткөрүлөт. Жыйынтыктоочу жана аралык аттестациялоону ийкемдүү график боюнча өткөрүүгө уруксат берилет.

29. Атайын жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларына ЖМАны өткөрүү окуучулардын жеке психофизикалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жана атайын жалпы билим берүү программаларынын талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

30. Орто жалпы билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын ийгиликтүү өздөштүргөн, X жана XI класстардын курсу үчүн аныкталган окуу планынын бардык окуу предметтери боюнча чейректик, жарым жылдык жана жылдык бааларды «5» (эң жакшы) деген баадан кем эмес алган талапкерлер, XI класстын окуучулары, белгиленген тартипте педагогикалык кеңештин сунуштамасынын жана жалпы билим берүү уюмунун буйругунун негизинде «Алтын тамга» тестирлөөсүнө катыша алышат.

31. Ден соолугуна байланыштуу атайын топко киргизилген жана дене тарбия сабагынан бошотулган XI класстын окуучулары сөзсүз түрдө «Алтын тамга» тестирлөөсүнө катышкан учурда, орто билими жөнүндө артыкчылык аттестатын алууга талапкер болууга укуктуу.

## V. ЖМАны өткөрүүнүн тартиби

32. ПК ар бир предмет боюнча окуучулардын учурдагы жана чейректик бааларын жана алардын туура коюлушун карайт. ПК жыйынтык бааларды чыгарууда текшерүү иштеринин, практикалык жана лабораториялык иштердин жыйынтыктарын жана окуучулардын чейректик, жарым жылдык, жылдык жетишүүсүн эске алат.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттаестациянын жыйынтыгы боюнча баалар 5 баллдык системада коюлат. Эгерде сандын физикалык көрсөткүчү бирдиктин жарымы жана андан көп болсо, ал чоң санга карай тегеректелет (мисалы, 3,5 болсо, 4 болуп тегеректелет). Талаш-тартыш чыккан учурда сабак берген мугалимдин пикири эске алынып, окуучунун пайдасына чечилет.

33. Эне тили предмети боюнча жыйынтыктоочу бааларды коюуда жалпы жыйынтыкталган ведомостко эки баа (эне тили жана адабият боюнча) коюлат.

34. Окуучулардын жыйынтыктоочу баалары класстык журналга (негизги жалпы билими тууралуу күбөлүктөрдү жана (же) жалпы орто билими тууралуу аттестатты берүү китебине, өздүк ишине, ЖМАнын жалпы жыйынтыкталган ведомостуна) жазылат.

## VI. Аппеляцияларды кабыл алуу жана карап чыгуу

35. Талаш-тартыш Комиссиясы (мындан ары – ТК) жалпы билим берүү уюмунун буйругу менен 5 адамдан турган курамда түзүлөт. ТКнын курамына билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органдарынын өкүлдөрү, директорлор кеңешинин (коллегиясынын), камкордук кеңешинин жана ата-энелер коомчулугунун мүчөлөрү тартылат. ПКнын мүчөлөрү ТКнын курамына кирбейт.

Окуучулар ЖБУнун директорунун наамына дистанттык форматта коюлган баалар менен макул эместиги тууралуу арыз менен кайрылышат. ЖБУнун директору арызды ТКга дароо киргизет.

36. ТК окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (аларды алмаштыруучу жактардын) арыздарын кабыл алат жана карайт; апелляцияны канааттандыруу же четке кагуу жөнүндө чечим кабыл алат; кабыл алган чечим тууралуу окуучуга жана (же) анын ата-энесине (аларды алмаштыруучу жактарга), ошондой эле ПКга маалымат берет.

37. ТКнын иштөө тартиби, курамы жана ыйгарым укуктары билим берүүнү мамлекеттик башкаруу органы тарабынан ЖМАнын башталышына бир жума калган убакытта аныкталат жана сайтка жайгаштырылат.

38. ТКнын чечимдери протоколдор менен бекитилет.

39. Өз функцияларын аткаруу максатында ТК жалпы билим берүү уюмдардан керектүү документтерге, маалыматтарга жана ПКнын текшерүү протоколдоруна сурам жиберет.

40. Апелляцияны кароо учурунда ТКнын отурумуна каалоосу боюнча окуучулар жана (же) алардын ата-энелери (же аларды алмаштыруучу жактар), ПК мүчөлөрү дистанттык форматта катыша алат. Апелляцияны кароо адеп-ахлак ченемдерин сактоо менен, тынч жана ак дилдүү жагымдуу жагдайда өткөрүлөт.

41. Окуучу коюлган жыйынтыктоочу баа менен макул эместиги тууралуу арызын ЖМАнын жыйынтыктары менен таанышкандан кийин, бир күндөн кечикпей жибериши керек.

42. ТК апелляцияны кароо учурунда төмөнкү эки чечимдин бирин кабыл алат:

- апелляцияны четке кагуу жөнүндө;
- апелляцияны канааттандыруу жөнүндө.

43. Текшерүүнүн жыйынтыктары корутунду түрүндө жазылат. Апелляция жана корутунду түрүндө жазылган текшерүүнүн жыйынтыктары ошол эле күнү ЖБУга жиберилип, окуучуларга жана алардын ата-энелерине (аларды алмаштыруучу жактарга) маалымдалат.

## VII. Артыкчылык көргөзгөн бүтүрүүчүлөрдү сыйлоо

44. Бир же бир нече предметти өздөштүрүүдө өзгөчө жетишкендиктерге ээ болгон IX жана (же) XI класстардын окуучулары «Айрым предметтерди өздөштүрүүдөгү өзгөчө жетишкендиктери үчүн» Мактоо баракчасы менен сыйланат.

45. Бүтүрүүчүлөрдү «Айрым предметтерди өздөштүрүүдөгү өзгөчө жетишкендиктери үчүн» Мактоо баракчасы менен сыйлоо чечими ЖБУнун педагогикалык кеңеши тарабынан кабыл алынат.

46. Билими тууралуу документи жана «Айрым предметтерди өздөштүрүүдөгү өзгөчө жетишкендиктери үчүн» Мактоо баракчасы бүтүрүүчүлөргө жиберилет.